КЫРГЫЗ БАНКЫ

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАҢЫ БАНКНОТТОРУ 2023

Кыргыз сомуна 30 жыл













**1. СУУ БЕЛГИСИ**
ачык түстөн күңүрт түскө өткөн портрет жана номинал түрүндөгү электротип.




**2. КОРГОО ТИЛКЕСИ**
үзүк тилке, жарыкка салып кароодо бүтүн тилке сыяктуу (үзгүлтүксүз) чагылып көрүнөт. Анда сандык номинал жана ромб түрүндө Улуттук банктын логотиби камтылган. Банкнотту жантайыңкы алып кароодо ромб фигурасынын чагылышы жана тилкенин кубулуп жатканы көрүнөт.



**3. БИРИ-БИРИНЕ ДАЛ КЕЛГЕН СҮРӨТТӨЛҮШ**
банкноттун алдыңкы жана арткы беттериндеги сүрөттөрдүн фрагменттери жарыкка салып кароодо ромб формасын түзөт.



**4. Банкнотту кол менен сыдырып** көрүүдө анын бетине түшүрүлгөн портреттин, жазуулардын, сан жана тамга түшүрүлгөн номиналдын сүрөттөрүндө РЕЛЬЕФТИ (одуракайлык) сезүүгө болот.



**5. КӨМҮСКӨ СҮРӨТТӨЛҮШ**
банкнотту жантайыңкы алып кароодо сомдун белгиси – С̲ пайда болот.



**6. ТҮСТӨРДҮН ӨЗГӨРҮШҮ**
банкнотту жантайыңкы алып кароодо эки шакектин кыймылга келишин, оюу – чиймени (орнаменттин) алтын түстөн жашыл түскө өзгөрүшүн байкоого болот (100 сом банкнотто гана).



**7. ЖАЛТЫРАК ТҮС**
(арткы бетинде) банкноттун номиналы жана Улуттук банктын логотиби түрүндө.



**8. МИКРОТЕКСТ, МИКРОСҮРӨТТӨЛҮШ**
жазуулар, флора жана фауна (жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү) сүрөттөрү түрүндө берилген.

ЖАРЫККА САЛЫП КАРОО

ЖАНТАЙЫҢКЫ АЛЫП КАРОО

СҮРӨТТӨРДҮН РЕЛЬЕФИН СЕЗҮҮ

ТЕКШЕРИП КӨРҮҮ

Улуттук валютанын бардык банкноттору Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ жана чыгарылган жылына карабастан, төлөм каражаты катары, эч кандай чектөөлөрсүз, милдеттүү түрдө кабыл алынууга тийиш.

WWW.NBKR.KG